Электр кубаты, жылуулук жана муздатуу үчүн кезектеги олчойгон эсептерди төлөп жаткан кезде, энергия ресурстарын үнөмсүз керектөөнү кантип токтотуп жана бөлмөнүн ордуна «көчөнү жылытканды» кантип жөнгө салууга болот? Бул суроо дээрлик ар бир менчик турак жай ээсин ойлонтот. Анын жообу имараттын сыртында... тагыраак айтканда, анын дубалдары, терезелери, чатырчасы жана каалгаларында турат. Эгерде ушул конструкциялар жылууланган болсо, анда каражат үнөмдөө менен үйдөгү эң сонун жайлуулукту камсыздоого болот!

## ЖЫЛУУЛУКТУ САКТОО ДЕГЕН ЭМНЕ?

Жылуулуктук сактоо – бул тыгыздыгы, жылуулук өткөргүчтүгү төмөн жана бөлмөдөн жылуулуктун чыгышына каршылыгы жогору болгон ар кыл материалдардын катмарлары түрүндөгү «тоскоолдук». Анткени үйдү жылытканга караганда, жылуулукту сактоо алда канча татаал. Жылуулукту сактоо - жылытуу системасын алмаштырбайт, бирок имараттын ичиндеги тиешелүү микроклиматты сактоо менен анын ишинин натыйжалуулугун бир нече эсе жогорулатат. Эрежеге ылайык жылууланган үй кышында муздабайт жана жайында өтө ысып кетпейт!

**2** **КОШ СОККУ**

Эске сактоо маанилүү, үйдү муздак абадан жана шамалдан ичинен гана эмес, сыртынан дагы коргоо керек.

Кесипкөй адисти табуу жана аны менен түз байланышуу үчүн төмөнкү даректерге кайрылууга болот:

| Устанын аты-жөнү | Телефон |
| --- | --- |
| | |
| | |

CAMPalatoo
коомдук фонд
общественный фонд
тоолуу аймактардын туруктуу өнүгүшү үчүн
для устойчивого развития горных регионов

Fondation PVSYST

www.camp.kg



# Үйүңүз ЖЫЛУУ жана ЖАЙЛУУ болсун!

# ЭМНЕ ҮЧҮН ҮЙДҮ ЖЫЛУУЛОО ЖҮРГҮЗҮЛӨТ?

Статистика боюнча, турак жайдагы жылуулуктун 15% дубалдар, 15% терезелер жана каалгалар, 25% чатырча жана желдетүү аркылуу жоготулат, ал эми пол аркылуу 10% ашык жылуулук коромжу болот. Бул көйгөйлөрдү толук жоюу, сиздин үй-бүлөлүк бюджетти 40% чейин үнөмдөйт.

Жылууланган үй акча үнөмдөөдөн тышкары төмөнкүдөй артыкчылыктарга ээ болот:



## 1.ТӨМӨН ЖЫЛУУЛУК ӨТКӨРҮМДҮҮЛҮК,

мындай касиеттен улам бөлмө ичинде ойдогудай микроклимат сакталат. Болгону жылуулук тутуму же жылуулук булактары камсыздаган ылайыктуу температураны гана сактап туруу керек. Кээде үнөмдөө үчүн аларды өчүрүп койсо дагы болот. Бирок андан коркуунун кереги жок – анткени жылууланган үй шашпай муздайт жана тез жылыйт.

## 2. ЖЫЛУУЛУК БУЛАГЫН ТУУРА ТАНДООНУН ЖАНА ОРНОТУУНУН МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ –

меш же жылытуучу от казанды тандоо. Жылууланган үйдө энергияны аз чыгымдаган, кубаттуулугу азыраак жылыткыч жабдууларды пайдаланууга болот. Мындай жылыткычтардын баасы алда канча арзан турат.

## 3. ЖАЙЛУУ ТЕМПЕРАТУРА.



Дубалдар жылуулукту жакшы сактайт жана үй бир нече кабаттан турса, алар дагы жакшы жылытылат. Жылууланган үйдө жайында үп жана ысык болбойт.



## 4. ҮНДҮ ТОСУУ.

Тыштагы үн үйдөгү тынчтыкка жана жагымдуу жагдайга жолтоо кылбайт.

## 5. КОЗУ КАРЫНДАРДЫН ПАЙДА БОЛУШУНУН АЛДЫН АЛУУ –



нымдуулук менен көгөрүүнүн натыйжасында пайда болуучу козу карындар ден соолукка зыяндуу, ошондой эле, үйдүн жасалгасына жана эмеректерге зыян келтирет.

## 6. ҮЙДҮ ПАЙДАЛАНУУ МӨӨНӨТҮН УЗАРТУУ.

Жылуулоонун көп катмарлуу тутуму турак жайды пайдалануунун мөөнөтүн узартууну кепилдейт.

## ИШТИ УСТАГА ТАПШЫР

«Бирдей калыңдыктагы жылуулагыч болбойт» деп айтып коюшат, андыктан ар бир үйгө өзүнчө мамиле керек, себеби конструкцияны жылуулоого ылайыктуу материалдарды сабаттуу тандоо жана монтаж жасоо технологияларын сактоо керек. Бул маселелерде пайдалуу кеп-кеңеш алууга, ошондой эле, жылуулоо жумуштарын аткаруу үчүн тажрыйбалуу устага кайрылуу керек.

